**Мугалимдин кызматтык инструкциясы**

1. Мугалимдин жумуш убактысы:

1- сменада саат 8:00- 13:00гө чейин;

2- сменада саат 13:30-18:30 га чейин;

2. Сабак башталаардын алдында:

а)Расписаниени,дежурствону дагы бир жолу тактап карайт:

б)Кабинетти ачып,анын сабакка даярдыгын(санитардык абалын,батарея,свет,кран ж.б) текшерет.

в)Эгер кабинет сабакка даяр эмес болсо (суу агып же жок)дежур мугалимге же админстрацияга билдирет.

3.Сабакка кирүүгө коңгуроо

а)биринчи коңгуроо болгондо окуучуларды кабинетке киргизип,экинчи коңгуроодо сабакты баштайт

б)Сабак учурунда мугалим окуучулар менен бирге кабинетте болот.

в)Танапис учурунда окуучулар коридордо болушат,мугалим кабинеттин терезелерин ачып,желдетет.

г)Мугалим өз убагында журналды усулканага алып келет.

4. Сабак бүткөндө:

а)окуучуларды сыртка чыгарат.

б) дежур мугалим бардык сабактары бүтсө,кабинетти тазалатып,светтерди өчүрүп кетет..

в)Дежур окуучулар кабинетти тазалап жатканда мугалим сөзсүз болушу керек.

5.Авариялык ситуацияда коопсуздуктун талаптары:

а)сабакты токтотуу керек;

б)мектептин админстрациясына билдирет;

в)керек болгон учурда врачка чейинки жардам көрсөтүү керек болсо, ”тез жардамды”чакырат.

**Мектепте массалык иш-чараларды өткөрүүдө окуучулар үчүн жүрүш-туруш эрежелери,өрт коопсуздугун сактоо жана материалдык-техникалык базаны коргоо боюнча инструкция**

1. Окуучулар болуп жаткан мероприятияга өз убагында келишип,андан өз убагында кетишет.
2. Кабинеттеги столду,стулдарды бирин үстүнө бирин коюуга болбойт.Ашыкча стол,стулдарды коридордун же башка кабинеттин бир четине тыкандап жыйнап коюу керек.
3. Сабак убагында окуучулардын себепсиз басып жүрүшүнө уруксат берилбейт
4. Мектептин сырткы территориясында,ичинде тамеки чегүүгө,алкоголдук ичимдиктерди ичүүгө тыюу салынат.
5. Ата-энелердин сабакка келип катышына уруксат берилет.
6. Мектептеги,класстагы иш-чараларда мектепте окубаган,тааныш эмес адамдарга катышуууга уруксат берилбейт.
7. Өрттү алып келүүчү ар кандай электр тогу менен иштей турган нерселерди.химиялык жана башка заттарды пайдаланууга уруксат берилбейт.
8. Петарда ,пенгал шамдарын пайдаланууга уруксат берилбейт.
9. Майрамды ар бир катышуучусу мектептин мүлкүн (көрсөтмө) сактоого милдеттүү.